**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**

**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**
**КАРГАЛЫК**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРГАЛЫКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясынын**

# № 35 ТОКТОМУ

18 - июнь 2025-жыл Казарман айылы

**Каргалык айыл аймагынын “Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун” курамына жана иш планына өзгөртүү, толуктоо киргизүү жөнүндө**

Каргалык айылдык кеңешинин “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы Атамкулова Назгүл Токтоналиевнанын маалыматын угуп жана талкуулап,, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XI сессиясы **токтом кылат**:

1. “Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун” курамындагы Жаныбеков Залкарбек Жаныбекович, Ысманов Жумабек Айтнамасовичтердин ордуларына “Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун” төрагасынын сунушу менен Атыканов Анарбек Кадыкеевич, Мамбеталиева Рада Рысалиевналар киргизилсин.

2. Каргалык айыл аймагынын “Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун” 2025-жылга карата бекитилген иш планына тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр киргизилсин.

3. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы Б.М.Абдрахмановго милдеттендирилсин

4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.org.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Бул токтомду көзөмөлдөө “Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча” туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**

**БЕКИТЕМ**
**Каргалык айылдык кеңешинин**
**төрагасы ____________Т.И.Токтоболотов**
**Каргалык айылдык кеңешинин**
**кезектеги XI сессиясынын**
**№ 35 токтомуна тиркеме**
**18 - июнь 2025 - жыл**

**Каргалык айыл аймагынын "Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун" курамына жана иш планына өзгөртүү,толуктоо киргизүү жөнүндө**

| № | Эмнелерге мониторинг жүргүзүлүп, баа берилет | Мониторинг жана баалоонун усулдары | Маалымат булактар | БМжБжүргүзүлгөнүн тастыктаган документтер, материалдар | БМжБ жүргүзүлгөнүн мөөнөттөрү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Каргалык айыл аймагындагы курулуп бүткөн жана курулуп жаткан курулуш иштерин кароо, көзөмөл жүргүзүү | Документ сурамжылоо, смета | АӨ | АКТ | I-IV квартал ичи |
| 2 | Таза - Суунун реконструкциясы, водхоз резервуар, № 2 А.Абдраимов атындагы Казарман орто мектебинин ашканасы, аллея, жолдор, швея, спорт зал, карьерлерди кароо | Документ менен иштөө, сурамжылоо | АӨ, Таза-Суу | АКТ | II квартал ичи |
| 3 | Ж.Кыдыров атындагы парктын реконструкциясына көзөмөл жүргүзүү | Документ сурамжылоо, смета | АӨ | АКТ | II квартал ичи |
| 4 | №8 М.Абдыжапаров атындагы мектебинин курулушу | Документ сурамжылоо, смета | АӨ | АКТ | II квартал ичи |
| 5 | Сквер, көчөлөрдүн жарыктандыруусу, балдар ойноочу аянтчалары, Казарман айылындагы тууга эс алуу паркынын курулушун жана Т.Жээналиев көчөсүнүн жашылдандыруусун кароо | Документ сурамжылоо, смета | АӨ | АКТ | II-IV квартал ичи |
| 6 | Кожалиев көчөсүнүн күн батыш тарабындагы кооптуу аймактардагы селди багыттап, калктуу конуштардан же объектилерден алыска буруп кетирүү | Документтерин сурамжылоо,кароо | АӨ | АКТ | III-IV квартал ичи |

**БМжБ тобунун төрагасы** **С.М.Мукашов**